№87 жалпы билим берүүчү орто мектеби

# 2021-2022- окуу жылына карата чет тили усулдук бирикмесинде түзүлгөн иш пландын аткарылышы боюнча усулдук бирикме жетекчисинин жылдык отчёту

Усулдук бирикме жетекчиси:Жолдошбек к Г

Бишкек 2022

Сканировано с CamScanner

# 2021-2022-окуу жылына карата чет тили усулдук бирикмесинин жылдык иштеринин отчёту

Чет тили усулдук бирикмесинде жалпы 10 мугалим эмгектеништи.

Алар төмөндөгү мугалимдер :

Мектепте 10 чет тили (англис тили) мугалими эмгектенет. Алар:

1. Ниязбаева Р.М: эмгек стажы-41 жыл
2. Достиева Ж.А: эмгек стажы-21 жыл
3. Доолотова Н.Б: эмгек стажы- 20 жыл
4. Исираилова Н.К:эмгек стажы- 13 жыл

5 Исаева А.Ү:эмгек стажы- 10 жыл

6. Жолдошбек к Г: эмгек стажы- 7 жыл
7. Кубанычбек к К : эмгек стажы-6 жыл
8. Окенова Ч.М : эмгек стажы-9 жыл
9. Исмаилова Н.Б: эмгек стажы:-7 жыл
10. Таирова Ф.Ж: эмгек стаж:-6ай

Сентябрь айында былтыркы окуу жылынын отчёту берилди, усулдук бирикменин 2020-2021-окуу жылына түзүлгөн иш планы талкууланды.

Техникалык жана өрт коопсуздугунун эрежелери түшүндүрүлдү.

Курстан өтүүчү мугалимдердин тизмеси такталды.

Чет тили сабагынын нормативтери боюнча талкууланды.

Чет тили предмети боюнча жазуу ,окуу, угуу ,сүйлөө жөндөмдөрү(skills) боюнча окуучуларга кеңири түшүндүрүү зарыл экендиги айтылды.Жаш мугалим Таирова Феруза Жыргалбековнага нассатчы мугалим Окенова Чынара

Сканировано с CamScanner

Мукановна бекитилди.УБ мүчөлөрү жаш мугалимге ар кандай усулдук жардам көрсөтүп келишүүдө.

Жаш мугалим Таирова Феруза Жыргалбековнага методикалык жактан жана күнүмдүк журнал толтурууда,журналды колдонуунун ошондой эле электрондук платформалардын түрлорүн үйрөтүүдө жардам берилип насаатчы мугалим сабагына катышты.

Октябрь айында улантмалуулук боюнча 5-класстардын билим сапаттары текшерилди.

Мугалимдер мезгил-мезгили менен квалификацияларын жогорулатып турушат.Курска барып кесиптиктик чеберчилигин Доолотова Наргиза Бостонбаевна октоябрь айында жогорулатып келди.

Ички көзөмөлгө алынган 9-е класс жана 8-е класс 5-в класстар менен англис тили предметинде иштер алынып барылды. Мисалы 5-в классына тамга билбей жаза албаган окуучуларга өзүнчө тапшырмалар берилип,жыйынтыктаганда окуучулар тамгаларды жаттап айтып беришип муундап окуп калышты.Ал эми 8-е класста дагы алгылыктуу иштер жүргүзүлүп,окуй албаган Маратбеков Азамат аракет кылып,окуп калды.Баардыгын эске алуу менен биргеликте

Жаш мугалимдердин сабактарына катышып, усулдук жардамдар берилди. Андан тышкары тажрыйбалуу мугалимдердин сабактарына катышып, тажрыйба алмашып турду жана усулдук жардам алууга багыт берилди. Жарым жылдыкта шаардык семинарларга катышып, жаны методикаларды үйрөнө алды жана жаш мугалимдер мектебинде окуп келип, үйрөнгөндөрүн сабактарында колдоно алды. Өз алдынча изденет, сабактарын чыгармачылык менен кызыктуу өткөнгө аракети чон.

3-класстардын сабактарына катышылды. 3-класстарга Достиева Жыпара Абдыбековна менен Кубанычбек кызы Кайыркүл сабак беришти.

Сабактарына катышып убагында сунуштар айтылды.

4-класстардын сабактарыны онлайн катышылып, сабактын

Сканировано с CamScanner

берилиши көзөмөлдөндү.  4-класстарга Достиева Жыпара Абдыбековна Кубанычбек кызы Кайыркүл сабак бериштиСабактарына катышып убагында сунуштар айтылды.

Ноябрь айында 1-чейректин план программасы каралып, көзөмөлдөндү.  1чи чейрекке карата окуучулардын билим сапаты аныкталды.

Предметтик олимпиаданын графиги түзүлүп, өткөрүлдү. Жеңүүчүлөрү райондук олимпиадага жолдомо алышты.

Олимпиадага 10-11 класстын окуучулары катышышты.Алар төмөндөгү окуучулар:

1) Казипова Жылдыз 10-б класс 31 балл

2) Джолдошбекова Сымбат 10-а класс 32 балл

3) Гүлбаев Адилет 10-а класс 26 балл

4) Улан к Робия 11-в класс 30 балл

5) Пирназарова Улана 11-б класс 29 балл

6) Омурбекова Сезим 11-б класс 27 балл

7) Зулкайнаров Адилет 11-в класс 32балл

8) Көчөров Нурлан 11-в класс 31 балл

Жеңүүчү болуп 10-класстардан Джолдошбекова Сымбат олимпиадага барат ал эми 11-класстардан Зулкайнаров Адилет жана Көчөров Нурлан райондук олимпиадага катыша турган болушту.

5-класстардын сабактарына катышып,сабактын берилиши көзөмөлдөндү. 5-класстарга Исаева Асель Үсөнбековна жана Исраилова Нурзат Курманакуновна сабак бериштиСабактарына катышып убагында сунуштар айтылды.

6-класстардын сабактарына катышылып, сабактын берилиши көзөмөлдөндү. 6-класстарга Окенова Чынара Мукановна жана жаш мугалим Таирова Феруза Жыргалбековна сабак бериштиСабактарына катышып убагында сунуштар айтылды.Жаш мугалим Таирова Ферузага усулдук жардамдар көрсөтүлдү.

Декабрь айында сабактан жетишүү бонча көңүл бурулуп,

Сканировано с CamScanner

бериштИ.Сабактарына катышып убагында сунуштар айтылды.7-класстардан тест алынып, билим сапаттары төмөнкүдөй болду

| с | Окуучулардын жалпы саны | | | Баалары | | | | Көрсөткүчтөрү | | | I |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | тизме боюнча | Жазганы | жазбаганы | «5» | «4» | «3» | «2» | Билим сапаты % | Жет % | Окутуунун деңгээли | |
| | 36 | 37 | - | 10 | 15 | 11 | - | 69% | 100% | 65% | Д |
| | 36 | 35 | 1 | 5 | 14 | 16 | - | 54% | 100% | 56% | Н |
| | 36 | 32 | 4 | 4 | 11 | 17 | - | 46% | 100% | 53% | |
| | 36 | 33 | 3 | 5 | 18 | 10 | - | 69% | 100% | 60% | |
| | 36 | 31 | 5 | 3 | 19 | 9 | - | 70% | 100% | 59% | |
| | 36 | 32 | - | 1 | 25 | 10 | - | 75% | 100% | 59% | |
| | 35 | 36 | 3 | 5 | 13 | 14 | - | 56% | 100% | 57% | |
| | **251** | **235** | **16** | **33** | **115** | **87** | | **62%** | **100%** | **58%** | |

7-класстардан СРС алынып жыйынтыгы чыгарылды. 7-класстар боюнча окуучулардын саны 251 окуучу.Алардын ичинен 235 окуучу жазды.Билим сапаты 62%ды жетишүүсү 100%ды түздү.Окуучулар диагностикалык текшерүү иш жазууда сын атоочтун салыштырма даражасынан ката кетиришкен,ат атооч менен байламталарды коюуда ката кетиришкен.

Сабактан жетишпеген жана начар окуган окуучуларга көңүл бурулуп, билим сапаттары көзөмөлдөндү. Сабактан жетишпеген окуучуларга өзгөчө көңүл бурулуп,англис тили мугалимдери ар кандай интерактивдүү методдорду колдонуусу эффективдүүлүгүн жогорулатып начар окуган окуучулардын аглис тилине кызыгуусун арттыртып окууга кичине болсо дагы көңүл бура алышты десек болот.

1)Балдардын окууга болгон жоопкерчиликтүү мамилесин жөнгө салуу;

1Ата – энелердин балдарынын окуусуна болгон жоопкерчилигин арттыруу;

2) Окуучулардын билим алуусунун деңгээлин көтөрүү;

3)Окуучулардын сабактардан начар окуп, классташтарына салыштырмалуу окуу материалын өздөштүрө албай калуусун жана ордунда калып калуусунун алдын алуу;

Сканировано с CamScanner

4)Предметтен окуу материалын туура өздөштүрүүсүнө жардам берүү;

Англис тили мугалимдери ушул максат менен бир аз да болсо иштеше алдык десек болот.

Жыйынтыктап айтканда сабактан жетишпеген окуучулар менен аңгемелешүү жүргүзүлүп,жыйынтыгында тиешелүү натыйжалар киргизилип,тиешелүү иштер ишке ашты десем болот.

**Февраль айы.**

Бишкек шаарынын Свердлов районуна караштуу №87 орто мектебинде 2022-жылдын 14- февралынан 19-февралга чейин Кыргыз Республикасынын «Билим берүү жөнүндө» мыйзамына ылайык жана окуучуларды англис тилине болгон кызыгуусун арттыруу жана билим сапатын жогорулатуу максатындагы буйруктун негизинде « Англис тили глобалдуу коммуникациянын каражаты» аттуу жумалык болуп өттү.

Жумалыктын максаты– англис тилин билүү менен Кыргызстанды башка элдерге таанытуу, дүйнө өлкөлөрүндө баарлашуунун эл аралык тили экенин окуучуларга түшүндүрүү. Жумалыктын планы түзүлүп, мөөнөтү белгиленип бекитилип илинди. Жумалыкта конкурстар, көргөзмөлөр, ачык сабактар жана көптөгөн иш чаралар Акыл ордо интеллектуалдык таймашы болуп өттү.

Жумалыктын планы түзүлүп жана план боюнча иш чаралар болуп өттү. 14-февралда « Англис тили глобалдуу коммуникациянын каражаты» ачылышы жарыяланды.Ачылышында окуучулар флешмоб жана көптөгөн англис тилиндеги ырларды айтып 5-класстын окуучулары тарабынан ачылды.

Мектепте 10 чет тили (англис тили) мугалими эмгектенет. Алар:

1. Ниязбаева Р.М: эмгек стажы-41 жыл

2. Достиева Ж.А: эмгек стажы-21 жыл

3. Доолотова Н.Б: эмгек стажы- 20 жыл

4. Исираилова Н.К:эмгек стажы- 13 жыл

5 Исаева А.Ү:эмгек стажы- 10 жыл

Сканировано с CamScanner

билимдерин бышыкташат,билимдин баалуулугун сезишет. Тапкычтыктарынын негизинде англис тилин өркүндөтүү менен тилге болгон кызыгууларын арттыруу.

6-класстарда «Акыл Ордо»интеллектуалдык таймашы болду. Окуучулар 4 топко бөлүнүп ай(moon),күн(sun),жылдыз(star),булут(sky) аттуу топторго бөлүнүштү.Капитан командалар шайланып,акыл таймаш чындыгында аябай кызыктуу өттү.Биринен-бири калышпай таймаш жүрүп 1-орунду жылдыз(star)командасы алса ,гран прини ай(moon)командасы жеңип алды.

7-класстарга «Англис- тили глобалдуу коммуникациянын каражаты» деген темада презентация менен чагылдыруу болчу,окуучулар абдан активдүү катышышты.7-а классынын окуучусу Жайлообаева Асема «мыкты видеоролик »жасап келгендиги үчүн грамота менен сыйланды.

8-класстардын окуучуларына англис тили боюнча окуучулар арасында этиштердин (туура жана туура эмес) формасын айтуу боюнча конкурс жарыяланып 1-орунду классынын 8-а классынын окуучусу Ибраимова Канышай , 2-орунду ошол эле класстын окуучусу Турсунбек кызы Назиля, ал эми 3-орунду 8-б классынын окуучусу Жалилова Айзада алды.

10-а классы аралыктан окуп жаткандыгына байланыштуу «көркөм окуу» конкурсу жарыяланып,эң мыктылары конкурстун жеңүүчүлөрү болушту.Көркөм окуу конкурсунда эң мыкты деңгээлде көркөм окугандыктары үчүн 10-б классынын окуучусу Казипова Жылдыз,10-а классынын окуучусу Джолдошбекова Сымбат жана ошол класстын Мусаев Самандарбек мектеп грамоталары менен сыйланышты.

9-11-класстартарда «Эссе жазуу»конкурсу жарыяланган. Конкурска окуучулар активдүү катышышып, көптөгөн мыкты эсселерди жазышты. Эсселери каралып чыгып, төмөнкү окуучулардын жазган эсселери мыкты деп саналды. Алар: 11-в класстын окуучусу Улан кызы Робия, 9-д класстын окуучусу Жээнбекова Зарина,жана 11-б класстын окуучусу Тынарбек к Акмарал грамоталар менен жумалыктын жабылышында сыйланышты.

Жумалык жыйынтыкталып, жумалыкта жарыяланган

Сканировано с CamScanner

конкурстардын жыйынтыктары чыгарылып, конкурска активдүү катышкандар мактоо баракчалары менен сыйланышты.

**Анализ:** Жыйынтыктап айтканда,предметтик мугалимдер бири-биринин ачык сабактарына катышуу менен тажрыйба алмашуу боюнча методикалык жардам ала алышты десек болот.

Чет тили предмети оор сабактарга кирип өздөштүрө албаган окуучулар дагы бар,кийинки жарым жылдыкта чет тили предметинин мугалимдери ушул кемчиликтердин үстүнөн иштеп жоюуга аракет кылат.Жумалыктын максаты мектептеги ар бир окуучуга англис тилин туура так сүйлөө болгондуктан бардыгы бир жеңден кол бир жакадан баш чыгарып активдүүлүктөрүн көрсөтүштү.Жалпысынан төмөндөгү милдеттер белгиленди:

Жумалыктын жүрүшү менен чет тили усулдук бирикмесинин мугалимдерине төмөндөгүдөй сунуш берилди:

1. Күнүмдүк керектелүүчү эң негизги сөздөрү жана сөз айкаштарын үйрөтүү
2. Сөздүк менен иштөө
3. Жалпы окуучулардын окуп түшүнүүсүнө жана так сүйлөөсүнө өзгөчө көнүл буруу
4. Диалог өз ара баарлашуусуна басым жасоо
5. Эркин сүйлөөгө үйрөтүү
6. Сүйлөө көндүмүн өстүрүүчү интерактивдүү окутуу (мээ чабуулу,эки экиден жана топтордо) иштөө

**Март айында**

Март айында «Сапаттуу билим берүүдө ар кандай деңгээлдеги окуучуларга дифференцирленген мамиле кылуу»деген темада Таирова Феруза доклад жазды.Андан сырткары класстык сааттар өтүлдү.

7-класстардын сабактарына катышылып жана сабактын берилиши көзөмөлдөндү.7-класстарга Доолотова Наргиза Бостонбаевна жана Ниязбаева Рыскуль Муканбетовна сабак

Сканировано с CamScanner

берет. Сабактарына катышып убагында сунуштар айтылды.

6-класстардын арасында англис тили сабагы боюнча мыкты топик айтуу боюнча конкурс өткөрүлдү.

15-19 мартта 6- класстар арасында топик айтуу конкурсу болуп өттү. Топиктин темасы төмөндөгүдөй болду.

«My favourite season» . 6 «А», «Б», «В», «Г», «Д», «Е» класстар катышты.

6 «А» Женишова Нурпери

Бакытбекова Аяна

Сатыбалдиева Айпери

6 «Б» Алымбекова Гулиза

Маматова Раяна

Тологенев Байтур

6 «В» Ашырова Ализа

Артыкова Арууке

Абдусаматова Айжамал

6 «Г» Арынбекова Бегимай

а Бурханов Усман

Абдурасулова Нагима

6 «Д» Абдиманаева Нурсулуу

Абдылбекова Маркет

Кайратов Кутман

6 «Ж» Маматеминов Салават

Рысматова Кызжибек

Эргешова Сезим

6 « Е» Болтобаева Гулиза

Орозова Зафир

Төмөндөгү окуучулар конкурстун жеңүүчүлөрү аталды жана окуучуларга дагы мындан ары окуу кондүмдөрүн жогорулатуу керек экендиги айтылды.6-класстар арасында

Сканировано с CamScanner

бардык окуучулар катышта алышты. А.Н Леонтьев "Тилди жөн гана үйрөнүү эмес,ошол тил менен кошо жашаш керек"дегендей ар бир окуучу менен иш алп баруу менен чет тилин кызыктыра алсак болот.

**Апрель айында**

Чет тил сабагынан «эң жакшы» жана «начар» окуган окуучулар менен иш алып барылды десек болот.Ар бир мугалим начар жана эң жакшы окуган окуучуга жекече мамиле кылуу аркылуу иштешти десем болот.Азыркы замандын талабы менен чет тилинде оозеки сүйлөй алуу жөндөмдүүлүгүн өркүндөтүү биринчи орунда турат.Ушул боюнча мугалимдер эн жакшы окуган таланттуу окуучулар менен иш алып барышты.

**Таланттуу окуучу** – бул окуу материалын оңой өздөштүргөн, ойлоосу терең, билим алууга абдан дилгирленген, кайсы бир учурда таңгалдыруучу ийгиликтерге жетишкен окуучу.

Окуудан талантуу балдардын эс тутуму абдан жакшы, ойлонуусу абстрактуу болот.

Окуучунун окуудан начарлоосунун себеби ар кандай болушу мүмкүн. Ар бир эле окуучу жакшы окууну каалайт. Кээ бир учурларда сабактан "2" алып калган учурда баланын окууга болгон кызыгуусу тарап, кээде ал сабакка катышпай да койгон кездер болот. Жыйынтыгында тартиби дагы начарлайт. Сабактан начар окуган бала өзүндөй начар окуган бала менен достошот, себеби жакшы окуган окуучунун алдында өзүн ылдый сезет.

Чет тили мугалимдери окуучуларды предметине кызыктыра алуусу, ар кандай интерактивдүү методдорду колдоно билүүсү аркылуу сабактын эффективдүүлүгүн жогорулатып, эң жакшы окуган жана начар окуган окуучулар менен иштей алышты.

11-класстар арасында "Англис тили дүйнөлүк тил""деген темада дил баян жазышып жыйынтыгы чыгарылды.

**Май айында**

Кабинеттердин дидактикалык материалдар менен толукталышын көзөмөлдөндү. Мектепте 4 англис тили кабинеттери бар. Алар №15, №16, №25 жана П№11 кабинеттери.

Сканировано с CamScanner

өтүлдү.Мугалимдердин натыйжалуу иштешине мектепте бардык шарттар түзүлгөн.Окуу процесси ички көзөмөлдүн негизинде ай сайын предметтер боюнча сабактарга катышып,кемчиликтери жана жетишкендиктери боюнча анализ берилип турду. Бир жылдын ичинде чейрек сайын тесттер алынып турду.Мугалимдердин квалификациясын жогорулатуу боюнча курска Доолотова Наргиза Бостонбаевна жана Исмаилова Нуржамал Бегалиевна барып билимдерин жогорулатып келишти.Мектеп ичинде олимпиадалар өткөрүлдү.Чет тили усулдук бирикмесинде билим деңгээлин текшерүү жүргүзүлдү.Октябрь айындагы диагностикалык аныктоо менен февралдагы айындагы аралыкты аныктоо боюнча салыштыруу иштери каралып чыкты.Мугалимдер эң жакшы окуган жана окуусунан начар болгон окуучулар менен иш алып барышты.6-класстар арасында мыкты топик айтуу боюнча конкурс болуп жеңүүчүлөр аныкталды.Апрель айында Лингва окутуу борбору «Орто мектептерде негизги тил кондүмдөрүн жана долбоорлоо методдорунун негизинде англис тилин окутуу боюнча»семинар болуп өтүп Исмаилова Н.Б жана Исаева А.Ү окууну ийгиликтүү аякташып сертификаттарга ээ болушту. Чет тили усулдук бирикмесинин жылдык отчетту жазылды.

**Жаңы окуу жылына карата англис тили мугалимдерге**

**милдеттер жана сунуштар:**

1) Сөздүк менен иштөөдо дисктерди угуп жаттоого,окуп жаттоого,кайтаалап жатттогоого,ырдап жаттоого,сүйлөшүп жаттоого машыктыруу
2) Өз алдынча англис тилин сүйлөөгө тилдерди жатыктыруу
3) Күнүмдүк керектелүүчү эң негизги сөздөрдү жана сөз айкаштарын үйрөтүү
4) Заманбап технологиялар менен окуп үйрөтүү
5) Окуучуларды ар кандай булактардан маалыматтарды издеп табууга үйрөтүү,анализдөө,изилдөөчүлүк ишмердүүлүктү ишке ашыруу
6) Мугалимдердин ишмердүүлүгүн уюштуруу жана жаш адистер менен иш алып баруу,аларга усулдук жардам көрсөтүү

Сканировано с CamScanner